DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



*Токторов Э.С., Аттокурова М.У.*

# КЫРГЫЗСТАНДА ЭКСТРЕМИЗМ ЖАНА ТЕРРОРИЗМ МЕНЕН УКУКТУК ЖАКТАН КҮРӨШҮҮСҮНДӨГҮ ЮРИДИКАЛЫК КӨЙГӨЛӨР

*Токторов Э.С., Аттокурова М.У.*

# ЮРИДИЧЕСКИЕ ПРОБЛЕМЫ В ПРАВОВОЙ БОРЬБЕ С ЭКСТРЕМИЗМОМ И ТЕРРОРИЗМОМ В КЫРГЫЗСТАНЕ

*E.S. Toktorov, M.U. Attokurova*

# LEGAL CHALLENGES IN THE LEGAL STRUGGLE COMBATING EXTREMISM AND TERRORISM IN KYRGYZSTAN

*УДК: 34.343*

*Макалада терроризмдин пайда болуу тарыхы жана анын өнүгүшү жөнүндө кыскача маалымат берилген, алардын максаты жана ал колдонгон методдор, анын илгертен бери ар кандай баскычтардагы социалдык маңызын түшүндүрөт. Макалада терроризмди коомдук көрүнүш катары мүнөздөгөн илимий-ченемдик концептуалдык аппарат каралат; глобалдык масштабга көтөрүлүп, Батыш мамлекеттеринин реакциячыл ички жана тышкы саясатын жүзөгө ашыруучу каражатка айланган заманбап терроризмдин коркунучтарынын спектри. Көз караш колдоого алынат, ага ылайык заманбап терроризм адамзатты жаңы дүйнөлүк согушту алып келиши мүмкүн жана анын баштапкы этабы болуп саналат. Автордун позициясы далилденген, ага ылайык, терроризм өзүнүн жашоосунун бардык баскычтарында: а) пайда болуп жаткан коомдук карама-каршылыктардын масштабын жана курчтугун чагылдырып гана тим болбостон, аларды чечүүнүн бузуку каражаты катары иш алып барган жана көрсөтүүгө аракет кылган; б) генеалогиялык жана идеологиялык жактан нигилизм жана экстремизм менен байланышкан, алардын эң жогорку жана ырайымсыз көрүнүшүнүн формасы; в) нигилизм менен экстремизмди алып жүрүүчүлөр - бул терроризм идеологдору өсүп чыккан жана терроризм террористтик актыларды жасагандардын кадрларын тартып алган чөйрө.*

***Негизги сөздөр:*** *терроризм, экстремизм, генезис, идеология, субъектилер, нигилизм, экстремизм, социалдык катмар, коркунуч, согуш.*

*В статье дается краткое изложение истории возникновения терроризма и его развития, целепологания и используемых им методов, его социальная сущность на различных этапах с древних времени. Исследуются научный и нормативный понятийный аппарат, характеризующий терроризм как социальное явление; спектр угроз, которое несет современный терроризм, разросшийся до глобальных масштабов и ставший средством реализации реакционной внутренней и внешней политики западных государств. Поддерживатся точка зрения, согласно которой современной терроризм ставит человечество на грань новой мировой войны и является её начальной фазой. Обоснована авторская позиция, согласно которой терроризм на всех этапах своего существования: а) не только отражал масштабы и остроты складывашихся социальных противоречий, но и выступал и продолжает выступать в качестве извращённого средства их разрешения; б) генеалогически и идеологически связан с нигилизмом и экстремизмом, являясь формой их высшего и наиболее жестокого проявления; в) носители нигилизма и эктремизма являются средой, из которой вырастают идеологи терроризма и в которой терроризм черпает кадры исполнителей террористических актов.*

***Ключевые слова:*** *терроризм, экстремизм, генезис, идеология, субъекты, нигилизм, экстремизм, социальная почва, угрозы, война.*

*The article provides a brief summary of the history of the emergence of terrorism and its development, goal-setting and the methods it uses, its social essence at various stages since ancient times. The article examines the scientific and normative conceptual apparatus that characterizes terrorism as a social phenomenon; the spectrum of threats posed by modern terrorism, which has grown to a global scale and has become a means of implementing the reactionary domestic and foreign policies of Western states. The point of view is supported, according to which modern terrorism puts humanity on the brink of a new world war and is its initial phase. The author's position has been substantiated, according to which terrorism at all stages of its existence: a) not only reflected the scale and acuteness of the emerging social contradictions, but also acted and continues to act as a perverse means of resolving them; b) genealogically and ideologically associated with nihilism and extremism, being the form of their highest and most cruel manifestation; c) the carriers of nihilism and extremism are the environment from which the ideologues of terrorism grow and from which terrorism draws cadres of perpetrators of terrorist acts.*

***Key words****: terrorism, extremism, genesis, ideology, subjects, nihilism, extremism, social soil, threats, war.*

Теманын актуалдуулугу акыркы учурларда терроризмдин жаңы агымы активдешип кетүүдө, жаңы террордук уюмдардын көптөгөн саны пайда болду, терроризмдин жаңы ыкмаларын пропаганда кылуучу идеялар пайда болсо, адамзаттын коопсуздугунун жана дүйнөнү дүрбөлөңгө салуучу терррордук актылар болууда, ошого улай эле акыркы учурларда терроризм менен күрөшүүгө арналган укуктук-ченемдик актылар кабыл алынууда.

Терроризм азыркы учурдагы экономикалык, саясий, физикалык жана моралдык жактан орду толгус жоготууга алып келүүчү дүйнөнү жана адамзат коомчулугун коркунучка алып келүүчү түшүнүк десек болот. Тилекке каршы, Кыргызстан Борбор Азиядагы террорчуларды кызыктырган мамлекет катары

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



калып кетүүдө. Мындан биз акыркы жылдары террористтик мүнөздөгү кылмыштардын санынын туруктуу өсүшү менен мүнөздөсөк болот.

Терроризм татаал эл аралык жана ички саясий шартта социалдык-саясий кубулуш катары өнүгүп өсүүдө, анын ичинде, КМШ мамлекеттери жана Кыргызстан үчүн коркунуч бар десек болот.

Терроризмге каршы күрөшүү жалпы коомдук багыттардын бири болуп, анын коомдук коркунучтуулугунун туруктуу өсүүсү менен бирге анын эл аралык мамиле үчүн, эл аралык коопсуздук үчүн жана дүйнөнүн көп өлкөлөрүнүн адам укуктары жана конституциялык түзүлүшү үчүн коопту. Кыргыз Республикасынын тышкы жана ички коопсуздук үчүн терроризмдин коомдук коркунучтуулугу менен күрөшүүнү жогорулатуу зарыл жана анын кесепети көптөгөн өлкөлөрдө ачыктан ачык эле көрүнүп турат, ошондой эле терроризмден жабыркагандардын саны өсүүдө.

Кыргызстан өзүнүн эгемендик жылдарынын алгачкы баскычтарында мурдагы постсоветтик өлкөлөрдүн ичинен алгачкылардан болуп терроризм менен бет келишкен өлкөлөрдүн бири болуп калды. Террорчулукка каршы күрөш жана өлкөнүн коопсуздугун коргоо маселеси 1999-2000-жылдардагы Баткен окуясынан кийин өзгөчө мааниге болгон. Соңку жылдары Кыргызстандын коопсуздук кызматтары өлкөдөгү негизги коркунучтардын бири катары терроризм атап келүүдө. Ички иштер министрлиги Кыргызстанда 1200ден ашуун адам “террорчу” деп катталганын айтып чыккан. Алардын 1192и “Хизб-ут-Тахрир” уюмунун жактоочулары, ал эми 49 вахабисттер, 36 акромисттер жана экөө Өзбекстан Ислам кыймылынын өкүлү экенин ырасташкан [1, 70-б.].

Кылмыштардын ичинен террористтердин жашы боюнча карасак 18-29 чейинкилер 68,5% түзсө, террорист эместер 50,6% түзгөн; 40-49 жаштагылар 5,2%-дан 16,3% түзгөн. Ал эми террористтердин ичинен 50 жаштан жогоркулар кылмышкерлердин ичинен 5%ды тузгөн. Ошондо террористтердин орточо жашы - 27,9 жашта болсо, башка кылмышкерлер - 32,1 жаш болуп эсептелинген [2, 70-б.].

«Экстремизм» деген термин XIX кылымда Англияда биринчи ирет колдонулган. Биринчи жолу бул термин саясий прессада колдонулуп, кийинчерээк Америка Кошмо Штатындагы жарандык согуш убагында таркап, бир эле учурда түндүк-түштүк тарап душмандарына карата колдонулган. Андан соң Биринчи дүйнөлүк согушта бул термин сол жана оң канат саясий күчтөрдүн ортосундагы тирешүү натыйжасында Францияга келген [3,7-10-бб.].

Акыркы жылдары Кыргызстандын бүтүндүгүнө коркунуч туудурган улуттук же этникалык негизге таянган, этностор аралык мамилелердеги теория менен практикада ашынган көз караштарды жана ыкмаларды карманууну чагылдырган экстремизм байкалууда. Булардын жактоочулары бир улуттун кызыкчылыктарын, укуктарын ачык коргоо менен башка бир улуттун укуктарын тебелешет. Алардын идеологиясы – ашынган улутчулдук, ал эми саясаты сепаратизм жана этникалык зомбулук. Улуттук (этникалык) экстремизм, XX жана XXI кылымдагы экстремизмдин кеңири жайылган түрү болуп саналат. Улуттук экстремизм абдан зор бийликке жана күтүүсүз аракеттерге ээ болгон бир кубулуш. Улут аралык чыр-чатактар көп өлкөлөрдө жана аймактарда реалдуу көйгөйгө айланып калды.

Экстремизмдин тарыхый өнүгүүсүндө жана акыркы убактардагы окуяларды эске алганда, экстремизмдин диний негизге таянган көрүнүшү эл аралык жана ички чыр-чатактарда, ошондой эле террористтик ишмердүүлүккө негиз болгон себептерде орун алды. Диний негиздеги экстремизм же болбосо бүгүнкү күндө туура эмес колдонулуп жүргөн «диний экстремизм» түшүнүгү, өздөрүнүн көз караштарын жайылтуу жана максаттарын ишке ашыруу боюнча чектен чыккан диний түшүндүрмөлөрдү, окууларды жана ыкмаларды кармануу менен мүнөздөлөт. Мындай экстремизмге башкача ойлонууга чектен чыккан сабырсыздык кылуу, айланасындагыларга жеке өзүнүн кызыкчылыгын жана артыкчылыгын таңуулоо менен иш жүргүзүү болот да, мамлекеттин туруктуу жашап кетүүсүнө күмөнсүз коркунуч туудурат [4, 9-13-бб.].

КМШ өлкөлөрүндөгү колдонулуп келген экстремизм түшүнүгүн талдоо менен, 2001-жылдын 15-июнундагы Шанхайда кол коюлган «Терроризм, сепаратизм жана экстремизм менен күрөшүүнүн Конвенциясы» алкагындагы аныктамадан мисал келтирсе болот. Ал Конвенцияга ылайык, «экстремизм – бул бийликти күч менен басып алууга же күч менен басып турууга багытталган, ошондой эле мамлекеттин конституциялык түзүмүн күч менен өзгөртүүгө т.а. коомдук коопсуздукка күч менен доо кетирүүгө жана жогорудагыларды ишке ашыруу масатында мыйзамсыз согуштук топторду түзүүгө багытталган иш-аракет болуп саналат».

Экстремизмдин укуктук мүнөздөмөсү Кыргыз Республикасынын «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы күрөшүү» 2015-жылдын 17-августундагы №150 жана 2013, 2014, 2016-жылдары өзгөртүүлөр, толуктоолор киргизилген Мыйзамында берилген.

Аталган Мыйзамга ылайык экстремизм - бул: Коомдук бирикмелердин же диний уюмдардын, менчигинин түрүнө карабастан, дагы башка ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин, ошондой эле

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



жалпыга маалымдоо каражаттарынын же жеке адамдардын төмөндөгүлөрдү пландаштырууга, уюштурууга, даярдоого жана ишке ашырууга багытталган аракеттери:

- Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн негиздерин күчкө салып өзгөртүү жана бүтүндүгүн бузууга;
- Кыргыз Республикасынын коопсуздугун бузууга;
- бийликтин ыйгарым укуктарын тартып алууга же ээлеп алууга;
- мыйзамсыз куралдуу түзүлүштөрүн түзүүгө;
- террористтик аракеттерди жүзөгө ашырууга;
- расалык, улуттук (этностор аралык) же диний араздашууларды козутууга, ошондой эле күч колдонууга же күч колдонууну үгүттөө менен байланышкан социалдык араздашууларды козутууга;
- улуттук ар-намысты кемсинтүүгө;
- идеологиялык, саясий, расалык, улуттук (этностук) жүйөлөр же диний жек көрүү, ошондой эле ошого тете кандайдыр бир социалдык топторго карата жек көрүү жүйөлөрү боюнча же душмандык кылып массалык тополоңдорду, ээнбаштык аракеттерди жасоого, уурдап, талап-тоноого;
- динге, социалдык, расалык, улуттук (этностук), диний же тилге тиешелүүлүгү жагынан жарандардын өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же кемдигин пропагандалоого;

ИШИМ (ИГИЛ) жана Аль-Каида сыяктуу террордук топтордун коркутуусуна жооп катары БУУ «экстремизм» менен күрөшүүгө багытталган бир канча чечимдерди кабыл алган. Ошондой эле, терроризмге каршы күрөшүү жаатындагы БУУнун бир катар жумушчулары жана атайын оперативдүү топ, экстремизм жана радикалдашуу боюнча отчетторун жарыялашты [5]. Терроризмге каршы күрөшүү Глобалдык форумунда бир катар өлкөлөр жана эл аралык уюмдар зордук-зомбулукчул экстремизмге каршы күрөшүү үчүн алдыңкы тажрыйбалар жөнүндө меморандумдарга кол коюшту. Мисалы: Анкара меморандуму «Зордук-зомбулукчул экстремизмге каршы ар кандай программа эч бир дин, маданият, этникалык топко, улутуна же расасына идентификациялоодон алыс болуусу зарыл» экенин сунуштайт. Ошол эле учурда, жогоруда көрсөтүлгөн документтердин бирөөсү да «экстремизмге» же «зордукчул экстремизмге» аныктама же болбосо эки түшүнүктөрдүн ортосундагы айырманы бере албайт.

Ал эми «терроризмге» же «терроризмге азгыруу» деген терминге салыштырмалуу «зордукчул экстремизм» термини кеңири мазмунду камтыган жана тар аныктамасы бар термин, андыктан бул термин менен кылмыш иштерин караган учурларда баш аламандык туудуруп келүүдө [6]. Жамааттык коопсуздук келишим уюмунун (ЖККУ) мүчө-мамлекеттеринин улуттук мыйзамдары катары – терроризмге жана экстремизмге каршы күрөшүү жөнүндөгү мыйзамдар, ошондой эле аларды өнүктүрүү боюнча кабыл алынган кылмыш-жаза мыйзамдары жана башка ченемдик-укуктук актылар түшүндүрүлөт. Азыркы шарттарга ылайык эл аралык байланыштардын жана евразиялык мейкиндиктеги мигранттардын агымынын натыйжасында ЖККУ мүчөлөрүндөгү-мамлекеттердин арасында (Армения, Беларус, Казакстан, Кыргызстан, Орусия, Тажикстан) экстремизм жана терроризмге каршы күрөшүү боюнча атайын мыйзамдар бирдиктүү стандарттардын негизинде толук кандуу ишке ашырылбай жатат. Ошондой болсо да, 2009-жылы 14-майдагы №32-9 «Экстремизмге каршы күрөшүү жөнүндөгү» КМШнын Мыйзамы бар, жана ал мыйзамга ылайык:

Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы күрөшүү төмөнкү негизги багыттар менен ишке ашырылат:

- Экстремисттик идеологиянын жана экстремисттик ишмердүүлүктүн жайылуусун алдын алып эскертүү, анын ичинде аныктоо жана келип чыгуу себептери менен шарттарынын ишке ашырылуусун жоюу;
- Коомдук жана диний бирикмелерде, уюмдарда жана жеке адамдарда экстремисттик ишмердүүлүктү аныктоо, алдын алып эскертүү жана токтотуу;
- Экстремизм менен күрөшүү тармагында эл аралык кызматташуу.

Жалпыланган түшүндүрмөгө ылайык, *экстремизм* – бул улуттук нормаларды, конфессиялар аралык мамилелерди, бийлик органдарынын иш-аракеттерин, жарандардын эркиндигин, укуктарын бузууга багытталган коркутуу, зордук-зомбулук максатындагы ой-пикирлерди камтыган идеологияларды саясий партиялар, диний уюмдар, топтор жана жеке жарандар тарабынан ээрчүүлөрү жана алардын мыйзамгы каршы иш-аракеттери, жеке адамдын, коомдун жана мамлекеттин укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузуулары деп айтсак болот [7].

Демек, экстремизмдин түпкүлүгүндө жеке адамдын, коомдун жана мамлекеттин ортосунда пайда болгон татаал карама-каршылыктар бар. Бул карама-каршылыктарды кан төгүүсүз чечүү үчүн экстремизмдин негизин, маанисин түшүнүү менен бул карама-каршылыктарды жараткан булактарды жана факторлорду өз убагында аныктап жок кылуу керек.

Кыргыз Республикасынын «Экстремисттик иш-аракеттерге каршы күрөшүү жөнүндөгү» Мыйзамын-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

да, эгер диний уюм экстремисттик маанайдагы ишмердүүлүк кылгандыгы байкалса, мамлекет тарабынан чара колдонулат. Коомдук бирикме, диний уюм же кандай гана уюм болбосун экстремисттик ишмердүүлүктүн белгилери байкалса аларды конкреттүү чечим менен тартип бузгандары үчүн жана пайда болгон көйгөйлөрдү жоюулары үчүн «жазуу түрүндө эскертүү» берилет. Бузулган тартипти жоюу үчүн жиберилген жазуу түрүндө эскертүүдөн тартып он күн убакыт берилет жана ал мөөнөттө талаптар аткарылбаса чара колдонулат. Диний уюмдан же коомдук бирикмеден «эскертүү» чечими, Кыргыз Республикасынын Башкы Прокурору же анын карамагындагы прокурор же юстиция тармагындагы тийиштүү орган тарабынан чыгарылат [8].

**Адабияттар:**

1. bbc.com|kyrgyz|/kyrgyzstan.
2. Гришко А.Я. Личность террориста: Криминологический портрет. / А.Я. Гришко. - Рязань, 2016, 70-бет.
3. Залужный А.Г., Беляева Т.Н. Экстремизм: современные представления об общественной опасности // Современное право. – 2012.
4. Бокарев С.Н. Религиозный экстремизм в современной России: социально-философский аспект / Проблемы противодействия экстремизму в Российской Федерации: Сборник материалов «круглого стола» 28 апреля 2005 года. – М., 2005. – 9-13-б.
5. Ильинский, И. М. О терроре и терроризме. И.М. Ильинский Между будущим и прошлым. М., 2006. С.
6. Верховский А.Пределы светскости: обществ.дискуссия о принципе светскости государства и о путях реализации свободы совести. / Науч. изд. - М.: Центр «Сова», 2003. – 79-б.
7. Верховский А.Пределы светскости: обществ.дискуссия о принципе светскости государства и о путях реализации свободы совести. / Науч. изд. - М.: Центр «Сова», 2003. – 79-б.
8. 2005-жылдын 17-августу № 150 «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» КР мыйзамы. Бул шилтемени караңыз http://www.legislationline.org/ru/documents/action/popup/id/ 14753
9. Токторов Э.С., Жолдошов М.А. Теоретический анализ оперативной ситуации по противодействию религиозному экстремизму и связанным с ним преступлениям. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 1. С. 100-103.
10. Токторов Э.С., Жолдошов М.А. Оперативное обеспечение расследования экстремизма. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 1. С. 108-110.